***Адыкулова А.***

**Жашоо жөнүндөгү идеялардын мааниси жана татаалдыгы**

Маселе төкмө ырчылардын адам жашоосу жөнүндөгү ойлору, алардын татаалдыгы жана изилдөөнүн зарылдыгы жөнүндө болмокчу.

Төкмөчүлөр (кыргыз тарыхында алар: ырчы, жомокчу, чечен, акын деген терминдер менен белгилүү) байыркы замандардан тартып эле элди эл кылып, рухий-социалдык турмушка көп жактуу таасир этип, ошого жараша кадыр-баркка ээ болуп келген. Ал эми аны баалоо, изилдөө, ой айтуу жагы кеменгер ырчылардын ысымдарын аздектеп, уламыштарды даңазалоо менен чектелген. Кыргыз тарыхында алардын ырларында чагылткан идеялар, түшүнүктөр жана элестетүүлөр элдин узак тарыхтагы философиялык боолгоолорунун өз алдынча көркөм поэтикалык системасын түзгөн. Башкача айтканда элдин дүйнө таанымы ошондой формага ээ болгон. Эң кызык жери – ырчылардын өлбөс өчпөс ырлары, канаттуу ыр саптары санат ырларга, макал-лакаптарга айланып олтуруп, жөн эле ооз эки речтин бир түрү болуп калган. Маселен, Жеңижок, Токтогул, Барпы сыяктуу ырчылар тигил же бул нерсе жөнүндө өз ойун айткысы келсе жөн эле сүйлөп айткандын ордуна ошол замат ырдап деле айта алышкан..

Ырчылык өнөрдүн тарыхында мындай багыттагы уламыштар өтө көп. Ал дүйнө таанымдын татаалдыгы сыяктуу эле чексиз дүйнө. Аларды али изилдене элек көркөм-поэтикалык интуиция, ырчылык талант, ырчылык ойлом, ырчынын чыгармачылык психологиясы деген өңдүү түшүнүктөрдү эстеп көрсөк эле, алардын татаалдыгы кандай экенин аз да болсо түшүнүүгө болот. Азырынча ырчынын талантын табият ыйгарган касиеттүү өнөр же манасчыларды түш көрүп эле «Манас» айтып калган экен деп айтып жүргөн бүтүмдөрүбүз алиппени жаңы гана өздөштүрө баштагандай эле нерсе.

Бирок бүгүн биз сөз кыла турган маселе ырчылардын адам өмүрү, жашоосу, дүйнө таанымы жөнүндөгү маселе.

Бул жөнүндө көп кылымдар бою ырдап келип, ырчылар өздөрүнүн эмпирикалык түшүнүктөрүнүн негизинде гана ойлорун билдиришкен. Алар жашоо адамдарга кандайча «бериле» тургандыгы жөнүндө ырдашпайт. Андай ырлар аз. Мунун да объективдүү себептери бар. Эң оболу кыргыздар ислам дини, теңирчилик боюнча бекем ишенимдери болбосо да, жашоонун кымбаттыгы, табышмактуу сырлары терең маселелери жөнүндө ырдап, адамдарга ал түшүнүктөрдү туюнтуунун зарылдыгын өтө көркөм ыкмада жеткирип турушкан. Реалдуу турмуш маселелери көрүнүктүү ырчыларда алдыңкы орунда турган. Бул жагынан алганда кыргыз ырчылары ислам дининин жол-жоболорун, шарият мыйзамдарын бүткүл кыргыз эли сыяктуу эле карманып келишсе да, алардын түпкү ишеним-ынанымдары табият көрүнүштөрү, айлана-чөйрө, ал эми тарыхий жагын алганда байыркы мифологиялык түшүнүктөр, алардын негизиндеги элестетүүлөргө байланышкан. Анын эмпирикалык деңгээлдеги чагылышы биринчи иретте төгүп ырдоо менен ишке ашат. Көпчүлүк учурда биз ал жагдайга көңүл бурбай, ырчыларды ырдап жаткан жана элестеткен түшүнүктөрүн атайын иликтеп олтуруп, ошол бүтүмгө келгендей түшүнөбүз. Андай болгондо ырчылар ырчы эмес эле өзүнүн терең түшүнүк-ойлорун айткан ойчул инсандар болуп чыга келет.

Бул ырчылык өнөрдүн аткарылма же ооз эки поэзия экендигине, анын өзүнө гана мүнөздүү чыгырмачыл психологиясына, ырчылардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүнө маани бербегендиктен келип чыккан өксүктөр. Деги эле кыргыз фольклорун же оозеки поэзиясын элдин улуттук дүйнө таанымынын чагылуу системасы катары аңдап-билгенибизде гана бул багыттагы иштерибиз ордунан жылат эле. Эми бул башка маселе, кезегинде ал жөнүндө да сөз кыларбыз, азырынча өз темабыз жөнүндөгү сөзүбүзгө кайталы.

Ырчылык өнөрдүн тарыхы, акылга сыйбаган идеялардын көрү экендигин өйдө жакта айтып өттүк.

Дүйнөлүк поэзиянын кеменгери болгон Чыгыштын Омар Хайям, Жалолиддин Румми сыяктуу акындары адамдын өмүр-жашоосун Кудайдын берген бакыт-жыргалы деп ырга салышат да, кайра Кудайга кайрылып, өзүң берип кайра алчу болсоң деген бүтүм чыгарышат. Ислам дининин нравалык маселелери менен тааныштыгы жок изилдөөчүлөр муну кудайды айыптаган атеизимдин идеялары деп билишет. Чындыгында бул адамдарга багытталган

гуманизм идеялары менен айоо сезимдерине жык толгон жашоонун татаалдыгын талдоо жана ошол айласыздыктан жол издөө. Муну адис философтор айласыздык атмосферасы («атмосфера безвыходности») деп айтышат.

Мындан кандай бүтүм чыгарууга болот?

Демек жашоонун кымбаттыгы, жыргалы, өтө аз экендиги, ошондуктан анда татыктуу жашап өтүү идеялары кыргыз ырчыларында көп замандан бери өнүгүп келгендиги талашсыз. Кантсе да ал идеялар тарам-тарам багыттар да өнүгүп, ар бир ырчынын түшүнүк-көз караштарын жаратып келген. Мында да жекелик жана жалпылык бар. Башкача айтканда ошол багыттардын тутумундагы өзүнө жаккан тема боюнча ар бир ырчы өзүнүн талант-дараметине жараша, өз түшүнүктөрүн чагылтырып ырдаса, ошол эле учурда бул ырчылык өнөргө таандык салттын негизиндеги жалпылыкты түзгөн. Айталы адамдын жашоосу, жүрүм-туруму, кубаныч-кайгысы жөнүндө бардыгы эле ырдашкан, бирок ар бири өзүнүн турмуш практикасынын, түшүнүктөрүнүн жана чыгармачылык деңгээлинин алкагында ырдашкан. Качан гана ар бир уруунун ырчысы пайда болуп, алардын ортосунда көмүскө түрдө да жана ачык түрдө да чыгармачылык эрегишүү пайда болуп, аларды адилет баалоо үчүн жанрлар же жанрдык тарамдар пайда боло баштаган: маселен сынчылык, чечендик, жомокчулук. Ал эми ырчынын чыгармачылык талантын, ой жүгүртүүсүн жана ырларынын маани-маңызын баалай турган ырлар санат-терме ырлары. Ал эми айтыш өнөрү ырчынын чеберчилигин, мелдешип айтышууга шык-жөндөмдүүлүгүн аныктайт.

Мына ушундай болжолдуу өнүгүү жолунда кыргыз төкмөлүк өнөрү көп кылымдык тарыхын жаратып, элдик аң-сезимдин, дүйнө таанымдын жана ой жүгүртүүнүн калыптанышына шарт түзгөн. Ал эми ал тарых же бул өнөрдүн тарыхы түрдүү багыттагы сансыз идеялар менен аларды туюнтуучу ыкмалардын көрү.

Ал тарых же ар бир төгүп ырдоочу инсан чыгармачыл ой жүгүртүү менен психологиянын булагы.

Биз бул макалада төкмөчүлөр жараткан идеялардын ичинен адам жашоосунун аягы болгон өлүм, андан келип чыккан ойлор жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Айта кетүү керек ал түшүнүктөр кайсыл жагын албайлы-чексиз. Төкмөлүк өнөрдүн тарыхын алсак да ар бир ырчынын чыгармачылыгын алсак да ал чексиздик акылга сыйбагандай касиеттери менен сезилип турат. Ошол эле учурда ар бир ырчы өз ырларында тарыхта жашап келген төкмөлүк салтты, ага мүнөздүү белгилерди, ал эмес ар кандай маанилүү идеялардан турган туруктуу ыр саптарын сактап ырдашат. Мунун өзү биз үчүн ыңгайлуу шарт түзүп, тема жөнүндө ойлорубузду Жеңижок менен Барпынын ырларынын мисалында аныктап көрсөтүүгө мүмкүндүк берет.

Ырчылардын өлүм жөнүндөгү түшүнүктөрү (идеялары) жалпы эле адамзатка таандык болгон айласыздык атмосферасы (байыркы замандардан бери ал түшүнүктөр «атмосфера безвыходности» деп аталып келет) деген ойлор тутумуна кирет. Ал ойлордун өзөгү: өлүм эмне, адам эмне үчүн өлөт, өлүмдөн кутулууга болобу же ошол өлүм баары бир боло турганы чын болсо, кыска өмүрдүн ичинде эмнеге умтулуп, эмнеге үлгүрүп калуу керек деген сыяктуу татаал түшүнүк талдоолордон (интерпретация) турат.

Буга Жеңижоктон мисалдар келтирип көрөлү. Бул мисалдар улуу акындын 2006-жылы «Бийиктик» басмасынан чыккан жыйнагынан алынды.

1.Ажал жетип күн бүтсө
Адамзаат пенденин
Орду болот мазарда.
Өлүм бир деген өрт экен,
Өзөккө түшкөн дарт экен.

2.Эненин көзү өткөн соң
Жаш бала болот азарда.

3.Карытпастан жаныңды
Аларын анын билбейсиң.
Катын-балаң чуркурап
Каларын аны билбейсиң.
Билген менен адамзат
Туура жолдо жүрбөйсүң

4.Көп өксүбө өлүмгө
Жан болгон жерде өлүм бар

Бары болот өмүрдө.
5.Өмүр менен өлүмдө
Күрөш болот турбайбы.

Алганда да көпкө издеп убара болбой эле улуу акындын аталган китебин ачканда мына ушул саптар көчүрүп ал деп, көзгө көрүнө берди. Бирине көңүл бурсаң экинчиси өтөт, маанилеринин көптүгүчү айтор албан идеялардын энциклопедиясы. Талдап көрөлү. Биринчи мисал, айталы боло турган чындыкты эске салып жатат дегенибизде да, ооз эки көркөм чыгармачылыктын парапсихологиясынын бир көрүнүшү десек туура болот. Аны кыргызчаласак ырдабай туруп ырдап жатат же айтпай туруп жазат дегенге жатат. Бир гана айырмасы - Жеңижок чындык көрүнүштү ырдаса да, ал анын тереңиндеги катмар-катмар эмоцияларды, кабат-кабат идеяларды угуп олтурган элге туюнтуп жатат. Экинчи мисалда өлүмдүн кайгысы, адамга «баш ийбеген» күчү, ага байланышкан ойлор. Ал эми үчүнчүсүндө ал ойду энеси өлгөн баланын башына түшкөн азап-тозок менен толуктап, өлүмдүн айоосуздугун белгилейт. Төртүнчүсү өлүмдүн табышмактуу сырын, адамга билинбеген белгисиздигин айтуу менен, адамга (угарманга) аны билгенде не, баары бир жашоо өзү сунуштап жаткан «туура жолдун» адеп-ахлактык эрежелерин сактабагандан улам өлүм келет деген оюн чыгарат. Ал эми кийинки саптарда өлүм табигый көрүнүш экенине көнүп, кайгыра берүүнүн кереги жок деген бүтүмүн билдирет. Анын артында да канчалаган ойлор, сезимдер жатат. Анын турмуш-тиричиликке байланышкан ойлордон өйдө көтөрүлүп, өмүр менен өлүмдүн ортосунда бири-бирин жокко чыгаруучу күрөш бар экенин, ал өзү жашоо экенин туюнтат.

Жеңижоктун бул темадагы негизги кредосу мына бул саптар:

Бирди тапсаң кийип өт,
Көргөндүн көзү тайгылсын.
Бирди тапсаң минип өт,
Тай өстүрүп ат кылсын.

Чыныгы гедонисттик идеялар же жашоо жыргалы жөнүндөгү мындай ойлорду Жеңижоктун акылмандыгы жана оптимисттик философиясы десек болот.

Эми ойлорубузду башкачараак өңүттөн далилдөө үчүн Барпыга кайрылып көрөлү. Улуу Барпы адам жашоосунун философиясын исламдагы нравалык түшүнүктөрдүн жана кыргыз дүйнө таанымынын негизинде ырдаган. Башкачараак айтканда ал өлүм темасындагы ойлорун күчтүү сезим-эмоция менен да, аналитикалык-рационалдык түшүнүктөр менен да чагылткан. Буга анын «Ажал» жана «жар жыгылса суу бөгөйт» деген классикалык ырлары айкын мисал боло алат. «Ажалда» (айтмакчы ал сөз фарсыча «жаналгыч» дегенди билдирет) өлум адамдын жанын алчу ажал, адам өмүрүнүн эң акыркы учуру токтоолук менен баяндалып анын кара мүртөздүгү, кыянатчылыгы, өмүргө каршы экендиги сапатталат. Барпы өлүм менен өмүрдү бир катарга коюп, салыштырат, баалап бүтүм чыгарат. Мисалы, «өмүр бар жерде, өлүм бар, өзөктү үзөөр тажаал бар», «өмүр деген -жарык күн, өлүм деген-каран түн, өмүр-жандын үмүтү, өлүм-жандын күйүтү»,[1] деп акын өлүмдүн портретин түзөт. Мында төгүп ырдоонун салтына мүнөздүү кайгыга батуу, орду толгус жоготууну же көз жумган кишини жоктоо сыяктуу мотивдер жок. Бирок өлүм жөнүндөгү санат ырларында туруктуу орун алып келген бир ыкманы, атап айтканда адамдын эң жакын туугандарын алып кеткендигин «айыптоо» менен анын чексиз ташбоор экендигин, ар кандай адамды айласыз абалга сала тургандыгын күчөтүп көрсөтүү ыкмасын Барпы да бул ырында колдонот.

Ал ыкма же формула классик акындардын дээрлик баарында эле болгон туруктуу тема-экендигин айттык, бирок ар бир ырчы мындай ырын дайыма эле аздектеп ырдай бербегендиктен жана текст жыйноо иштеринин ойдогудай болбогондуктан улам бизге жеткен эмес. Дагы бир жагдай, мындай мазмундагы ыр ар бир ырчынын көркөмдүк-эстетикалык тандап ырдоо дараметине, каалоо-баалоосуна ылайык ырдалат. Айталы Жеңижок жашоонун жыргал-кууралын лирика-философиялык кумарлануу менен ырдап, баардык учурда ырдын көркүнө, тыбыштардын коoздугуна, угумдуулугуна көңүл буруп, өз ойлорун ошол мезгилде гана жеткирүүгө умтулат. Акындын дил кумары кандай болсо, угуучу да аны ошондой кабыл алып, поэзия дүйнөсүндө болот. Ал кандай темада ырдабасын, бул кредосунан чыкпайт. Ошондуктан биз айтып жаткан Барпынын «Ажал» деген ырындагы ар бир жандын башында ажал бар, ал балдарда, кыздарда, апаңда, атаңда «аңдып жүрөт» деген классикалык мотив

---

[1] Барпынын 1995-жылы чыккан 1-томунан алынды. 111-бет.

Жеңижокто азыраак мазмунда кездешет. Бирок бул Жеңижок ошол формуланы кенен колдонбойт дегендик эмес, ал жөнүндө жогоруда айтылды.

Айтып жаткан ойлорубуздун ачыгыраак болушу үчүн Барпынын «Жар жыгылса суу бөгөйт» деген ыры жакшы мисал боло алат деп ойлойбуз. Анткени акын адамдын жашоосу, өлүмү, кайгы-капасы, айласыздыгы жөнүндө терең кайгыруу жана чексиз өкүнүү менен ырдайт. Жогоруда айтылгандай башка ырчылар өлүм, кайгы, Адам жөнүндөгү чындыктарды ырдоо менен чектешет. Барпы өлүмдүн эч кимди аябай тургандыгын башкача терендик менен чагылтат. Маселен, атаны, энени жана адамдын эң кымбат туугандарын жакындыгына карата, алган орду менен тизип ырдап, ой-сезимдерин төгөт. Кантсе да эмпирикалык микротүшүнүктөр менен глобалдык идеялар Барпыда пресстелип кысылып турган абалынан атырылып чыгып жаткандай сезилет. Анткени ошол идеялардын уңгусу гуманизм. Улуу гуманизмдин бийиктигинде Барпы ар бир адамга аны кайгы басканда («Жар жыгылып сууну бөгөгөндө!») кайрат айтып, жөлөк болуп жатат.

Табияттын улуу мыйзамдарынын бири жандуунун баары Энени биринчи иретте эң кымбаты катары көрөт. Бирок Адам гана Энеге болгон сүйүүсүн, мээримин, жакшылыгын өзүнүн ыйык милдети деп, билдирип туйгу сезимдерин акылынын жетишинче кылымдар бою чагылтып келет. Барпы бул ырында ошол идеядан баштап, ага киришүү үчүн утопиялык энсөөлөрүн, Адам жашоосунун кайгы-касыреттери жөнүндөгү ойлорун төгүп олтуруп, эң биринчи Эненин, экинчиси Атанын, андан соң тууганчылык, дос-ынактык жакындыгына карап ар бир адамдын кымбат белги-сапаттардын санап, адамдык партретин түзөт. Ошондой кымбаттыгына жараша, аларды өлүм алып кетпес болсочу деп, табылбас айланы тапкысы келет, утопиянын чексиз чыңалуусуна жетет.

Бул демейдеги же билгенин ырдап койчу чек эмес, бул-ойчулдук, жалпы адамзаттык гуманизмдин кыргыз оозеки поэзиясында жаркын чагылышы, тынымсыз өнүгүшүнүн фактысы. Муну көрүнүктүү изилдөөчү Кадыркул Даутов минтип элестетет:

«Илгертен тоо, талаада туруксуз көчүп конуп, калем кагаз кармабай жашагандыктан табият таануу илими жок, Адам психологиясын лабороториялык эксперменттер жүргүзүп үйрөнүү түшкө кире элек кезде Барпыдай орошон ойчулдарды берген элдер келечекте өзүнүн Аристотель, Гегель, Фейербах, Маркс тибиндеги адис философторун тартуулашы да бышык»[2].

Барпынын бул санаты адам өмүрү жана өлүмү жөнүндөгү ой-сезимдердин, канаттуу аныктамалардын энциклопедиясы. Бир чети ойлоп кетесиъ: эгерде Барпы жазманын таасири менен кээ бир замандаштары тутунган жолго түшүп же профессионал жазма поэзиянын өкүлү болгондо бул санаты өлбөс-өчпөс энциклопедия болмок эмес. Дагы бир кызык жери-оозеки поэзия табийгый «төгүлүшү» менен, «иреттелбеген» маанилери менен өзүнүн улуулугун да, чексиздигин да көрсөтүп, угуучуну Адам кылуунун жолунда өнүгүп келген. Элибиздин психологиясына назар салып көрсөк акындар поэзиясы эч качан эскирбей турган, азыр кайра жандануу тилкесине кирип жаткан, бүткүл тарыхында жаралган көркөмдүк-идеялык мурастары менен да, азыркы өнүгүшү менен да ошол жолдо өз кыяматын аткарып, уникалдуу өнөр бойдон өнүгүп келет. ЮНЕСКО Эл аралык уюму кыргыз ырчылык өнөрүн дүйнөлүк маданияттын шедеври деп, аны өнүктүрүп изилдөөгө бел байлаганы да ушуга байланыштуу.

Кайрадан санатка кайталы. Барпы өлүмдүн ырайымсыздыгын ар кандай ыкмалар менен тигинен да, туурасынан да көрсөтүп олтуруп, акыры таптаза кыргыз психологиясына таандык мотив менен жыйынтыктайт:

Алты канат үйүңдү,
Аңгыратат бир күнү.
Алты жашаар балаңды,
Жалдыратат бир күнү.
Жети канат үйүңдү,
Аңгыратат бир күнү.
Жети жашаар балаңды,
Жалдыратат бир күнү.[3]

---

[2] К.Даутов. «Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү», «Басма-Тамга». Бишкек 2003. 280 бет.

[3] Барпынын чыгармалары 1-бет кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы Б. 1995. 140-бет.

Бул-кыргыздардын жан дүйнөсүнөн орун алып, үзгүлтүксүз угулуп турган трагедиялык симфония. Анын дайыма угула беришин тарыхтагы Барпы сыяктуу ойчулдар камсыз кылган.

Соңку сөз катары айтарыбыз: акындар чыгармачылыгында өнүгүп келген турмуштук философияны, жашоо, өлүм-өмүр жөнүндөгү идеялар корун терең изилдөөнүн учуру келди.

**Пайдаланылган адабияттар**


1. Даутов К. Албан кырдуу алп акындын дүйнөсү.
Б. «Басма-Тамга». 2003.
2. Ирисов П. Ырчылар чыгармачылыгы. Б. «Бийиктик». 2004.
3. Потебня А.А. Эстетика и поэтика. М. 1976.
4. Ромм Э. Душа человека. М. 1992.
5. Салиев А. Разум и время Ф. «Кыргызстан». 1996.
6. Чанышев А.Н. Начало философии. М. ИМУ. 1982.